КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО ЧРЕЗВЫЧАЙНЫХ СИТУАЦИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

2025-жыл “5” августу № 1-Д Бишкек шаары

**Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин 2024-жылдын 29-январындагы № 2-Д “Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин түзүмдүк, ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрү тарабынан жеке жана юридикалык жактарга берилүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын бекитүү жөнүндө” буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын сапатын жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө” Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы № 304 “Мамлекеттик органдардын жана алардын ведомстволук мекемелеринин мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестрин бекитүү жөнүндө” токтомуна жана 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө” токтомуна ылайык, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин 2024-жылдын 29-январындагы №2-Д “Кыргыз Республикасынын Өзгөчо кырдаалдар министрлигинин түзүмдүк, ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрү тарабынан жеке жана юридикалык жактарга берилүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын бекитүү жөнүндөгү” буйругуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган буйрук менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин түзүмдүк, ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрү тарабынан жеке жана юридикалык жактарга берилүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарынын:

Б.Э. Ажикеев

– биринчи, экинчи, үчүнчү, төртүнчү, бешинчи, алтынчы, жетинчи абзацтар алып салынсын;

– I бөлүм. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы Окуу-изилдөө борбору жана Тоо-куткаруу кызматы тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттары ушул буйрукка тиркелген 1-тиркемеге ылайык жаңы редакцияда баяндалсын;

– III бөлүм. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы “Республикалык адистештирилген комбинат” мамлекеттик мекемеси тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттары ушул буйрукка тиркелген 2-тиркемеге ылайык жаңы редакцияда баяндалсын;

– VII бөлүм. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы Токой кызматы тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттары:

13-пункттун 1–8-бөлүмдөрү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

| | | |
|---|---|---|
| 13 | Акылуу мамлекеттик кызматтын баасы | Кызматтын баасы Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин буйругу менен монополияга каршы жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган менен макулдашылгандан кийин аныкталат. Кызматтын баасы тууралуу маалыматтар маалыматтык такталарга жана Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин расмий веб-сайттарына (www.mchs.gov.kg, www.coe.mes.gov.kg) жайгаштырылат. Төлөм шарттары: төлөм эсепфактуранын негизинде накталай эмес жол менен жүргүзүлөт |

2. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин калк жаан массалык-маалымат каражаттары менен иштөө башкармалыгынын башчысы, ушул буйрук катталгандан кийин үч жумуш күндүн ичинде, аны Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 26-февралындагы № 117 “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын расмий жарыялоо булактары жөнүндө” токтомуна ылайык расмий түрдө жарыялоону камсыз кылсын.

3. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Жарандык коргонуу башкармалыгынын башчысы:

1) Буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде анын көчүрмөсүн мамлекеттик жана расмий тилдерде, кагаз жана электрондук түрдө, расмий жарыялоо булагы тууралуу маалымат менен кошо Кыргыз

Б.Э. Ажикеев

Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик ченемдик укуктук актылардын реестрине киргизүү үчүн жөнөтсүн;

2) Буйрук күчүнө кирген күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде анын көчүрмөсүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына маалымат иретинде жөнөтсүн.

4. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү жүзөгө ашыруучу түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрдүн жетекчилери:

1) Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү көрсөтүүнү тийиштүү деңгээлде уюштурсун;

2) Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртуу жана процесстерди оптималдаштыруу багытында чараларды көрүшсүн;

3) Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын расмий вебсайттарга жана маалымат такталарга жайгаштырууну камсыз кылышсын.

5. Жогоруда аталган мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү тийиштүү деңгээлде камсыз кылуу боюнча жоопкерчилик мамлекеттик кызматтарды көрсөткөн түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрдүн жетекчилерине жүктөлсүн.

6. Бул буйруктун аткарылышы боюнча көзөмөл Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министринин биринчи орун басары А.М. Мамбетовго жүктөлсүн.

7. Бул буйрук тиешелүү адамдарга тааныштырылсын.

8. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Министр**
**генерал-майор** **Б.Э. Ажикеев**

1-тиркеме

**I бөлүм.** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Окуу-изилдөө борбору жана Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Тоо кырсыгынан куткаруу кызматы тарабынан көрсөткөн мамлекеттик кызматтардын стандарттары

| № | **1. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн паспорту** | |
|---|---|---|
| 1. | Кызмат көрсөтүүнүн аталышы | Курулуш конструкцияларын жана текстиль материалдарын өрткө каршы иштелип чыккан сапатын баалоо боюнча лабораториялык изилдөөлөрдү жүргүзүү.<br>Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестринин 5-главасынын 12-пункту |
| 2. | Кызмат көрсөткөн мамлекеттик органдын (мекеменин) толук аталышы | Жарандык коргонуу, өрт коопсуздугу, суу объекттеринде адамдын коопсуздугун камсыз кылуу, гидрометеорология, мамлекеттик материалдык резерв системасын башкаруу жаатында бирдиктүү мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы (мындан ары – КР ӨКМ), Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Окуу-изилдөө борборунун Өрт сыноо лабораториясы, Чүй облусу, Аламүдүн району, Ленин айылы, КР ӨКМдин аскер шаарчасы |
| 3. | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуучулар | а) жеке адамдар:<br>жыгачтан, темирден, текстилдик конструкциялардан же отко чыдамдуу тазалоону талап кылган имараттарды же жайларды (мындан ары –коргоо объектилери) ээлик кылуу же эксплуатациялоо;<br>б) юридикалык жактар:<br>– коргоо объекттерин иштеткен ишканалар;<br>– мамлекеттик кызматтарды алууга кызыкдар коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар жана мекемелер |
| 4. | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуунун укуктук негизи | Ченемдик укуктук актылар:<br>–Кыргыз Республикасынын “Өрт коопсуздугу жөнүндө” Мыйзамы;<br>– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 13-майындагы |

| | | |
|---|---|---|
| | | № 251 “Өрт коопсуздугу чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө” токтому;<br>– Евразия экономикалык биримдигинин «Өрт коопсуздугуна жана өрт өчүрүү каражаттарына талаптар жөнүндө» Техникалык регламенти (ЕАЭБ ТР 043/2017);<br>– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 262 “Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин айрым маселелери жөнүндө” токтому;<br>– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 24-январындагы № 19 “Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтому |
| 5. | Көрсөтүлгөн мамлекеттик кызматтардын акыркы жыйынтыгы | Сыноо протоколдорун берүү |
| 6. | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн шарты | Кызмат көрсөтүү белгиленген санитардык ченемдерге жооп берген бөлмөдө, кезекке туруу менен, жеңилдетилген категориядагы жарандарга кезексиз көрсөтүлөт;<br>– бардык жарандардын имаратка жана санитардык-гигиеналык жайларга (ажатканалар, жуунуучу жайлар) тоскоолдуксуз кирүү мүмкүнчүлүгү болсо;<br>– уюмда күтүүчү жайлар, дааратканалар, жылытуу, суу, телефон бар;<br>– жарандардын жеңилдетилген категориялары (АМСК (УВОВ), АМСМ (ИВОВ), тыл кызматкерлери, кош бойлуу аялдар) кезексиз тейленет |
| 7. | Мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүнүн мөөнөтү | Кызмат көрсөтүүнүн узактыгы 10 календардык күндү түзөт, эгерде коргоо объекттери аралыкта жайгашкан болсо, сыноолорду өткөрүү мөөнөтү арыз берүүчү менен макулдашылат |
| Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуучуларга маалымат берүү | | |

| | | |
|---|---|---|
| 8. | Керектөөчүгө көрсөтүлүүчү кызматтар (керектүү маалыматтын тизмеси) жана аларды стандартташтырууга жооптуу мамлекеттик орган жөнүндө маалымат берүү | Мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү жөнүндө маалыматты төмөндөгүдөн алууга болот:<br>–Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинде жана анын расмий сайтында (www.mchs.gov.kg);<br>–Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Окуу-изилдөө борборунун жана анын расмий сайтында (www.coe.mes.gov.kg);<br>– электрондук почта боюнча: s.c.mchs@mail.ru;;<br>– электрондук кызматтардын мамлекеттик порталында: (www.portal.tunduk.kg);<br>724319, Чүй облусу, Аламүдүн району, Ленин айылы, КР ӨКМ Аскер шаарчасы.<br>Коомдук кабылдама: 0(312) 446-190.<br>Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Окуу-изилдөө борборунун иш күндөрү: 09-00дөн 18-00гө чейин, тыныгуу 12-30дан 13-30га чейин.<br>Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Окуу-изилдөө борборунун өрт сыноо лабораториясы,<br>Чүй облусу, Аламүдүн району, Ленин айылы, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Аскер шаарчасы Электрондук почта: ipl-agps@mail.ru.<br>Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Окуу-изилдөө борборунун Өрт сыноо лабораториясынын иш күндөрү: саат 09-00дөн 18-00гө чейин, тыныгуу 12-30дан 13-30га чейин.<br>Маалыматтар мамлекеттик жана расмий тилдерде берилет.<br>Кызматты алуу ыкмасы, шарттары, мөөнөттөрү, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы жана төлөө тартиби жөнүндө маалымат, даректер, телефондор (банктык реквизиттер), ошондой эле мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн ушул стандарты расмий сайтында жана маалымат тактасында жайгаштырылган. |
| 9. | Кызмат көрсөтүү жөнүндө маалыматты жайылтуу ыкмалары | Көрсөтүлгөн кызмат жөнүндө маалымат менен камсыз кылуу арыз берген ар бир адамга кепилденет жана төмөнкүлөр берилет: |

| | | |
|---|---|---|
| | (баардык мүмкүн болгон ыкмаларды сүрөттөп же санап кетүү) | – Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин сайтында: www.mchs.gov.kg;<br>– Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Окуу-изилдөө борборунун жана анын расмий сайтында (www.coe.mes.gov.kg);<br>– Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Окуу-изилдөө борборунун Өрт сыноо лабораториясы (0312) 446-190;<br>– электрондук почта: ipl-agps@mail.ru;<br>– маалымат тактасында;<br>– жеке байланыш аркылуу;<br>– электрондук кызматтардын мамлекеттик порталы аркылуу: https://portal.tunduk.kg |
| | Тейлөө жана мамлекеттик кызмат көрсөтүү | |
| 10. | Келүүчүлөр менен пикир алмашуу | Тиешелүү документти берүүгө жооптуу кызматкерлердин иш бөлмөлөрүнүн эшигинде маалымат тактаалары орнотулган;<br>–кызмат көрсөтүүчү бардык кызматкерлердин фамилиясын, атын, атасынын атын жана ээлеген кызмат ордун көрсөтүүчү төш белгилери (бейдж) болот;<br>– бардык кызматкерлер кызматтык нускамаларды (функционалдык милдеттерди) жана колдонуудагы мыйзамдарды бузууга жол бербеген кесиптик жана этикалык стандарттарды сактоого, жарандарга карата этиканы, көз карандысыздыкты жана объективдүүлүктү камсыз кылуу, кызыкчылыктардын кагылышын болтурбоо;<br>– майыптыгы бар адамдар үчүн (картаң пенсионерлер, согуштун жана эмгектин ардагерлери, кош бойлуу аялдар) байланыш жана кызмат көрсөтүү аларга түшүнүктүү жана жеткиликтүү формада жүргүзүлөт. |
| 11. | Конфиденциалдуулукту камсыздоо ыкмалары | Керектөөчү жана ага көрсөтүлүүчү кызмат жөнүндө маалымат тиешелүү мамлекеттик органдардын талабы боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган негиздер боюнча гана берилиши мүмкүн. |
| 12. | Керектүү документтердин | Кызматты алуу үчүн керектөөчү төмөнкү документтерди берет: |

| | | |
|---|---|---|
| | тизмеси жана/же мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү керектөөчүлөрдүн иш-аракеттер тизмеси | – жазуу жүзүндөгү арыз (өз колуңузга же уюмдун бланкына жазылган);<br>– адамдын реквизиттери жана келишим түзүү үчүн башка зарыл документтер;<br>Кызмат көрсөтүүчү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жеке маалыматтар субъектинин макулдугу менен, анын ичинде анын жеке маалыматтарын чогултуу жана иштеп чыгуу үчүн электрондук документ түрүндө кызмат көрсөтүүлөрдү көрсөтүүгө укуктуу. башка мамлекеттик органдардан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан "Тундук" ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү тутуму аркылуу арыз ээси жөнүндө маалымат алууга.<br>Кызматты алуу боюнча керектөөчүнүн аракеттеринин тартиби, ошондой эле бардык талап кылынган документтердин үлгүлөрү жана бланктары кызмат көрсөтүүлөр көрсөтүлгөн жерлердеги маалымат тактасында жана ыйгарым укуктуу органдын расмий веб-сайтында: www. mchs.gov.kg жана өз убагында жаңыртылып турууга тийиш |
| 13. | Акы төлөнүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн наркы | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн наркы, монополияга каршы жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу менен Жарандык коргонуу, өрт коопсуздугу, суу объекттеринде адамдардын коопсуздугу, гидрометеорология, мамлекеттик материалдык резерв тутумун, токой чарбасын башкаруу жаатындагы бирдиктүү мамлекеттик саясатты жүзөгө ашыруучу Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин ыйгарым укуктуу органынын буйругу менен аныкталат.<br>- кызмат көрсөтүүнүн наркы жөнүндө маалымат менен электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталынан таанышууга болот (www.portal.tunduk.kg жана өзгөчө кырдаалдар министрлигинин расмий сайтында (Кыргыз www.mchs.gov.kg, www.coe.mes.gov.kg) жана маалымат такталарында. |

| | | |
|---|---|---|
| | | Төлөө шарттары: берилген төлөө дүмүрчөгүнүн негизинде, накталай эмес эсептешүү. |
| 14. | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн сапатынын параметрлери | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн сапаты төмөнкү критерийлер менен аныкталат:<br>– кызмат көрсөтүүнүн өз убагында болушу;<br>– тараптардын келишим боюнча өз милдеттенмелерин толук аткаруусу;<br>–кызмат жеткиликтүү түрдө көрсөтүлөт, жашы, жынысы, улуту жана дини боюнча басмырлоо жокко чыгарылат;<br>– тууралыкты, сылыктыкты жана этиканы көрсөтүү;<br>– кызмат көрсөтүү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр стандартына ылайык, ГОСТ боюнча тиешелүү тестирлөө ыкмасына ылайык көрсөтүлөт |
| 15. | Электрондук форматта кызмат көрсөтүү | Кызмат тестирлөө үчүн үлгүлөрдү тандоо/кабыл алууну кошпогондо, кызмат көрсөтүүнү алууга суроо-талапты (өтүнмөлөрдү) кабыл алуу бөлүгүндө электрондук форматта, электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы - portal.tunduk.kg аркылуу көрсөтүлөт.<br>Кызматка электрондук арыз берүү үчүн арыз ээси Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталында (portal.tunduk.kg) каттоодон өтүшү керек.<br>Онлайн интерактивдүүлүк 3-этап (веб-баракчада электрондук түрдө арызды толтуруу жана аны кагазга чыгарбастан мамлекеттик органдын кароосуна кабыл алуу функциясы бар) |
| Мамлекеттик кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу жана даттануу тартиби | | |
| 16. | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу | Кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу мүмкүн:<br>– эгерде сыноо үчүн жарыяланган материал сыноо ыкмасы үчүн ГОСТка ылайык келбесе;<br>– керектөөчү ушул стандарттын 12-пунктунда көрсөтүлгөн зарыл документтерди бербеген учурда |
| 17. | Даттануу тартиби | Кызмат туура эмес көрсөтүлсө, керектөөчү Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин жетекчилигине оозеки же жазуу жүзүндө даттанууга укуктуу. |

| | | |
|---|---|---|
| | | Жазуу жүзүндөгү даттануу эркин формада берилет жана анда кызмат көрсөтүүнү керектөөчүнүн фамилиясы, аты, атасынын аты, жашаган дареги, телефон номери, ошондой эле даттануунун маңызы, кызматты керектөөчүнүн колу жана датасы камтылууга тийиш.<br>Ыйгарым укуктуу кызматкер даттанууну каттайт жана 1 жумушчу күндүн ичинде жетекчиликке кароого жөнөтөт.<br>Даттанууларды жана даттанууларды кароо белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин жетекчилиги же даттанууларды кароого ыйгарым укуктуу Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин бөлүм/кызматкери тарабынан жүргүзүлөт.<br>Жазуу жүзүндөгү кайрылууну кароо жана керектөөчүнүн жооп алуу мөөнөтү ал катталган күндөн тартып 14 күндөн ашпоого тийиш.<br>Даттануу боюнча кабыл алынган чечимге нааразы болгон учурда керектөөчү сот тартибинде чечимге даттанууга укуктуу |
| 18. | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн стандартын кайра карап чыгуунун мезгилдүүлүгү | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн стандарты үч жылда бир жолудан кем эмес үзгүлтүксүз каралып турат. |

## 2. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн паспорту

| | | |
|---|---|---|
| 1. | Кызмат көрсөтүүнүн аталышы | Курулуш материалдарынын өрт-техникалык мүнөздөмөлөрүн аныктоо боюнча сыноолорду жүргүзүү.<br>Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестринин 5 - главасынын 13-пункту |
| 2. | Кызмат көрсөткөн мамлекеттик органдын (мекеменин) толук аталышы | Жарандык коргонуу, өрт коопсуздугу, суу объекттеринде адамдын коопсуздугун камсыз кылуу, гидрометеорология, мамлекеттик материалдык резерв системасын башкаруу жаатында бирдиктүү мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы (мындан ары – КР ӨКМ), Кыргыз Республикасынын |

| | | |
|---|---|---|
| | | Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Окуу-изилдөө борборунун Өрт сыноо лабораториясы, Чүй облусу, Аламүдүн району, Ленин айылы, КР ӨКМдин аскер шаарчасы |
| 3. | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуучулар | а) жеке адамдар:<br>жыгачтан, темирден, текстилдик конструкциялардан же отко чыдамдуу тазалоону талап кылган имараттарды же жайларды (мындан ары–коргоо объектилери) ээлик кылуу же эксплуатациялоо;<br>б) юридикалык жактар:<br>– коргоо объекттерин иштеткен ишканалар;<br>– мамлекеттик кызматтарды алууга кызыкдар коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар жана мекемелер |
| 4. | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуунун укуктук негизи | Ченемдик укуктук актылар:<br>– Кыргыз Республикасынын Конституциясы;<br>– Кыргыз Республикасынын «Өрт коопсуздугу жөнүндө» Мыйзамы;<br>–Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтар жөнүндө» Мыйзамы;<br>– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 13-майындагы № 251 "Өрт коопсуздугу чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө" токтому<br>– Евразия экономикалык биримдигинин «Өрт коопсуздугуна жана өрт өчүрүү каражаттарына талаптар жөнүндө» Техникалык регламенти (ЕАЭБ ТР 043/2017);<br>–«Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин айрым маселелери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 262 токтому;<br>– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 24-январындагы № 19 токтому "Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" |
| 5. | Көрсөтүлгөн мамлекеттик кызматтардын | Сыноо протоколдорун берүү |

| | | |
|---|---|---|
| | акыркы жыйынтыгы | |
| 6. | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн шарты | Кызмат көрсөтүү белгиленген санитардык нормаларга жооп берген бөлмөдө, кезексиз, жеңилдетилген категориядагы жарандарга кезексиз көрсөтүлөт;<br>– бардык жарандардын имаратка жана санитардык-гигиеналык жайларга (ажатканалар, жуунуучу жайлар) тоскоолдуксуз кирүү мүмкүнчүлүгү болсо;<br>–уюмда күтүү жайлар, дааратканалар, жылытуу, суу, телефон бар;<br>– жарандардын жеңилдетилген категориялары (УВОВ, ИВОВ, тыл кызматкерлери, кош бойлуу аялдар) кезексиз тейленет. |
| 7. | Мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүнүн мөөнөтү | Кызмат көрсөтүүнүн узактыгы 30 календардык күндү түзөт, эгерде коргоо объекттери аралыкта жайгашкан болсо, сыноолорду өткөрүү мөөнөтү арыз берүүчү менен макулдашылат. |
| Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуучуларга маалымат берүү | | |
| 8. | Керектөөчүгө көрсөтүлүүчү кызматтар (керектүү маалыматтын тизмеси) жана аларды стандартташтырууга жооптуу мамлекеттик орган жөнүндө маалымат берүү | Мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү жөнүндө маалыматты төмөндөгүдөн алууга болот:<br>–Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинде жана анын расмий сайтында (www.mchs.gov.kg);<br>–Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Окуу-изилдөө борборунун жана анын расмий сайтында (www.coe.mes.gov.kg);<br>–электрондук почта боюнча: s.c.mchs@mail.ru;;<br>– электрондук кызматтардын мамлекеттик порталында: (www.portal.tunduk.kg);<br>724319, Чүй облусу, Аламүдүн району, Ленин айылы, КР ӨКМ Аскер шаарчасы.<br>Коомдук кабылдама: 0(312) 446-190.<br>Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Окуу-изилдөө борборунун иш күндөрү: 09-00дөн 18-00гө чейин, тыныгуу 12-30дан 13-30га чейин.<br>Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Окуу-изилдөө борборунун өрт сыноо лабораториясы,<br>Чүй облусу, Аламүдүн району, Ленин айылы, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Аскер шаарчасы. |

| | | |
|---|---|---|
| | | Байланыш телефону: (0312) 446-190.<br>Электрондук почта: ipl-agps@mail.ru.<br>Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Окуу-изилдөө борборунун Өрт сыноо лабораториясынын иш күндөрү: саат 09-00дөн 18-00гө чейин, тыныгуу 12-30дан 13-30га чейин.<br>Маалыматтар мамлекеттик жана расмий тилдерде берилет.<br>Кызматты алуу ыкмасы, шарттары, мөөнөттөрү, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы жана төлөө тартиби жөнүндө маалымат, даректер, телефондор (банктык реквизиттер), ошондой эле мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн ушул стандарты расмий сайтында жана маалымат тактасында жайгаштырылган. |
| 9. | Кызмат көрсөтүү жөнүндө маалыматты жайылтуу ыкмалары (бардык мүмкүн болгон ыкмаларды сүрөттөп же санап кетүү) | Көрсөтүлгөн кызмат жөнүндө маалымат менен камсыз кылуу арыз берген ар бир адамга кепилденет жана төмөнкүлөр берилет:<br>– Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин сайтында: www.mchs.gov.kg;<br>– Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Окуу-изилдөө борборунун жана анын расмий сайтында (www.coe.mes.gov.kg);<br>– Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Окуу-изилдөө борборунун Өрт сыноо лабораториясы (0312) 446-190;<br>– электрондук почта: ipl-agps@mail.ru;<br>– маалымат тактасында;<br>– жеке байланыш аркылуу;<br>– электрондук кызматтардын мамлекеттик порталы аркылуу: https://portal.tunduk.kg/ |
| Тейлөө жана мамлекеттик кызмат көрсөтүү | | |
| 10. | Келүүчүлөр менен пикир алмашуу | Тиешелүү документти берүүгө жоопту кызматкерлердин иш бөлмөлөрүнүн эшигинде маалымат такталары орнотулган;<br>–кызмат көрсөтүүчү бардык кызматкерлердин фамилиясын, атын, атасынын атын жана ээлеген кызмат ордун көрсөтүүчү төш белгилери (бейдж) болот; |

| | | |
|---|---|---|
| | | – бардык кызматкерлер кызматтык нускамаларды (функционалдык милдеттерди) жана колдонуудагы мыйзамдарды бузууга жол бербеген кесиптик жана этикалык стандарттарды сактоого, жарандарга карата этиканы, көз карандысыздыкты жана объективдүүлүктү камсыз кылуу, кызыкчылыктардын кагылышын болтурбоо;<br>– майыптыгы бар адамдар үчүн (картаң пенсионерлер, согуштун жана эмгектин ардагерлери, кош бойлуу аялдар) байланыш жана кызмат көрсөтүү аларга түшүнүктүү жана жеткиликтүү формада жүргүзүлөт. |
| 11. | Конфиденциалдуулукту камсыздоо ыкмалары | Керектөөчү жана ага көрсөтүлүүчү кызмат жөнүндө маалымат тиешелүү мамлекеттик органдардын талабы боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган негиздер боюнча гана берилиши мүмкүн. |
| 12. | Керектүү документтердин тизмеси жана/же мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү керектөөчүлөрдүн иш-аракеттеринин тизмеси | Кызматты алуу үчүн керектөөчү төмөнкү документтерди берет:<br>– жазуу жүзүндөгү арыз (өз колуңузга же уюмдун бланкына жазылган);<br>– адамдын реквизиттери жана келишим түзүү үчүн башка зарыл документтер;<br>Кызмат көрсөтүүчү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жеке маалыматтар субъектинин макулдугу менен, анын ичинде анын жеке маалыматтарын чогултуу жана иштеп чыгуу үчүн электрондук документ түрүндө кызмат көрсөтүүлөрдү көрсөтүүгө укуктуу. башка мамлекеттик органдардан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан “Түндүк” ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү тутуму аркылуу арыз ээси жөнүндө маалымат алууга.<br>Кызматты алуу боюнча керектөөчүнүн аракеттеринин тартиби, ошондой эле бардык талап кылынган документтердин үлгүлөрү жана бланктары кызмат көрсөтүүлөр көрсөтүлгөн жерлердеги маалымат тактасында жана ыйгарым укуктуу органдын расмий веб-сайтында: www. mchs.gov.kg жана өз убагында жаңыртылып турууга тийиш |

| | | |
|---|---|---|
| 13. | Акы төлөнүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн наркы | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн наркы, монополияга каршы жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу менен Жарандык коргонуу, өрт коопсуздугу, суу объекттеринде адамдардын коопсуздугу, гидрометеорология, мамлекеттик материалдык резерв тутумун, токой чарбасын башкаруу жаатындагы бирдиктүү мамлекеттик саясатты жүзөгө ашыруучу Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин ыйгарым укуктуу органынын буйругу менен аныкталат.<br>– кызмат көрсөтүүнүн наркы жөнүндө маалымат менен электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталынан таанышууга болот (www.portal.tunduk.kg жана Кыргыз Республикасынын өзгөчө кырдаалдар министрлигинин расмий сайтында (www.mchs.gov.kg, www.coe.mes.gov.kg) жана маалымат такталарында.<br>Төлөө шарттары: берилген төлөө дүмүрчөгүнүн негизинде, накталай эмес эсептешүү |
| 14. | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн сапатынын параметрлери | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн сапаты төмөнкү критерийлер менен аныкталат:<br>– кызмат көрсөтүүнүн өз убагында болушу;<br>– тараптардын келишим боюнча өз милдеттенмелерин толук аткаруусу;<br>–кызмат жеткиликтүү түрдө көрсөтүлөт, жашы, жынысы, улуту жана дини боюнча басмырлоо жокко чыгарылат;<br>– тууралыкты, сылыктыкты жана этиканы көрсөтүү;<br>– кызмат көрсөтүү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр стандартына ылайык, ГОСТ боюнча тиешелүү тестирлөө ыкмасына ылайык көрсөтүлөт |
| 15. | Электрондук форматта кызмат көрсөтүү | Кызмат тестирлөө үчүн үлгүлөрдү тандоо/кабыл алууну кошпогондо, кызмат көрсөтүүнү алууга суроо-талапты (өтүнмөлөрдү) кабыл алуу бөлүгүндө электрондук форматта, электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы – portal.tunduk.kg аркылуу көрсөтүлөт. |

| | | |
|---|---|---|
| | | Кызматка электрондук арыз берүү үчүн арыз ээси Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталында (portal.tunduk.kg) каттоодон өтүшү керек.<br>Онлайн интерактивдүүлүк 3-этап (веб-баракчада электрондук түрдө арызды толтуруу жана аны кагазга чыгарбастан мамлекеттик органдын кароосуна кабыл алуу функциясы бар) |
| Мамлекеттик кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу жана даттануу тартиби | | |
| 16. | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу | Кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу мүмкүн:<br>– эгерде сыноо үчүн жарыяланган материал сыноо ыкмасы үчүн ГОСТко ылайык келбесе;<br>– керектөөчү ушул стандарттын 12-пунктунда көрсөтүлгөн зарыл документтерди бербеген учурда |
| 17. | Даттануу тартиби | Мамлекеттик кызмат көрсөтүү менен байланышкан талаш маселелер пайда болгон учурда керектөөчү Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине кайрылууга укуктуу. Кызмат талаптагыдай көрсөтүлбөгөн учурда керектөөчү окуу-изилдөө борборунун жетекчилигинин дарегине оозеки же жазуу жүзүндө даттанууга да укуктуу. Жазуу жүзүндөгү даттануу эркин формада берилет жана арыз ээсинин фамилиясы, аты, атасынын аты, жашаган дареги, байланыш телефонунун номери, кайрылуунун маңызы, колу жана берилген күнү камтылууга тийиш.<br>Ыйгарым укуктуу кызматкер даттанууну каттайт жана 1 жумушчу күндүн ичинде жетекчиликке кароого жөнөтөт.<br>Жазуу жүзүндөгү кайрылууну кароо жана керектөөчүнүн жооп алуу мөөнөтү ал катталган күндөн тартып 14 күндөн ашпоого тийиш.<br>Окуу-изилдөө борбору кабыл алган чечим менен макул болбогон учурда керектөөчү Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине даттануу берүүгө укуктуу. Даттанууну кароонун натыйжалары боюнча кабыл алынган чечим менен макул болбогон учурда керектөөчү ага сот тартибинде даттанууга укуктуу |

| | | |
|---|---|---|
| 18. | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн стандартын кайра карап чыгуунун мезгилдүүлүгү | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн стандарты үч жылда бир жолудан кем эмес үзгүлтүксүз каралып турат. |
| **3. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн паспорту** | | |
| 1 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн аталышы | Жарандык коргонуу жана тоо кырсыгынан куткаруу иши жаатында окутуу, даярдоо жана кайра даярдоо окуу курсу.<br>Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестринин 1-главасынын103-пункту |
| 2 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүчү мамлекеттик органдын (мекеменин) толук аталышы | Жарандык коргонуу, өрт коопсуздугу, суу объекттеринде адамдардын коопсуздугу, гидрометеорология, мамлекеттик материалдык резерв тутумун башкаруу жаатындагы бирдиктүү мамлекеттик саясатты жүзөгө ашыруучу Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин ыйгарым укуктуу органы (мындан ары – КР ӨКМ),<br>– Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Окуу-изилдөө борбору (мындан ары – КР ӨКМге караштуу ОИБ)<br>Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Тоо кырсыгынан куткаруу кызматы (мындан ары – КР ӨКМ ТККК ), |
| 3 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү керектөөчүлөр | Жеке жактар:<br>– медициналык каршы көрсөтмөсү жок жарандар (жеке жактар: КР жарандары, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар;<br>– жер астындагы пайдалуу кендерге, эксплуатациялоого жана тоо-кен куткаруучу ыктыярдуу көмөкчү командаларына ээ болгондор.<br>Юридикалык жактар жана жеке ишкерлер:<br>– мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү алууга кызыкдар болгон мекемелер, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар;<br>– уюштуруу-укуктук формасына карабастан (коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар) мамлекеттик кызмат алууга |

| | | |
|---|---|---|
| | | кызыкдар болгон юридикалык жактар же жеке ишкерлер;<br>– пайдалуу кендерди (шахталар, рудниктер жана карьерлер) жер астындагы иштетүүнү жүзөгө ашыруучу жана тоо-кен куткаруучу ыктыярдуу көмөкчү командалары бар тоо-кен өнөр жай ишканалары |
| 4 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуунун укуктук негиздери | Ченемдик укуктук актылар:<br>– Кыргыз Республикасынын “Жарандык коргонуу” Мыйзамы;<br>– “Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;<br>– Кыргыз Республикасынын «Кооптуу өндүрүштүк объекттердин өнөр жайлык коопсуздугу жөнүндө» Мыйзамы;<br>– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы № 304 «Мамлекеттик органдардын жана алардын ведомстволук мекемелеринин мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестрин бекитүү жөнүндө» токтому;<br>– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 14-декабрындагы №262 “Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин айрым маселелери жөнүндө” токтому;<br>– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 24-январындагы № 19 “Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтому;<br>– КР ӨКМ 2023-жылдын 29-апрелиндеги №468 буйругу менен бекитилген Тоо кырсыгынан куткаруу кызматы жөнүндө Жобо;<br>– Кыргыз Республикасынын өнөр-жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин 2018-жылдын 11-апрелиндеги №01-7/171 буйругу менен бекитилген “Пайдалуу кендерди казып алуу |

| | | |
|---|---|---|
| | | менен байланышпаган жер алдындагы объектилерди жана пайдалуу кендерди жер алдында ыкмасы менен казып алуучу объектилерди куруунун жана иштетүүнүн өндүрүштүк процесстеринин коопсуздугу боюнча эрежелери |
| 5 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн акыркы натыйжасы | Жарандык коргонуунун жана тоо кырсыгынан куткаруу багыттары боюнча окуу курстарынын аяктагандыгы тууралуу күбөлүк же тастыктама |
| 6 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн шарттары | Мамлекеттик кызмат көрсөтүү жер-жерлерге баруу менен төмөнкү учурларда жүзөгө ашырылат:<br>– белгиленген санитардык ченемдерге жооп берген жайларда практикалык иш-чараларды даярдоо жана өткөрүү;<br>– таратуучу материалдарды даярдоо;<br>– жеке жана юридикалык жактарга окутуу сабактарын өткөрүү үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте КР ӨКМге караштуу УИБге имарат жана техникалык жабдууларды берүү;<br>– кабыл алуу бөлмөсү (толтуруу үчүн орун арыз берүүчү үчүн зарыл болгон документтердин тизмесин көрсөтүү менен арыздарды толтуруунун үлгүлөрү);<br>– оргтехника менен жабдылган окуу аудиторияларынын болушу (компьютер, экран, диапроектор, принтер, ксерокс, факс, DVD, телевизор, фотоаппарат, видеокамера);<br>– практикалык сабактарды өткөрүү үчүн өрткө каршы автоматика системасы менен жабдылган стенд;<br>– көрсөтүлүүчү кызматтар жөнүндө маалыматты жайгаштыруу менен маалыматтык стенддин болушу;<br>– көчмө сабактар үчүн эки "Тойота Хай Люкс" автомобилинин базасында мейманкана, ашкана, интернет, окуу таркатылуучу материалдар, мобилдик-окуу модулдары бар. Жарандардын жеңилдик берилген категориялары (Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучулары, Улуу Ата Мекендик согуштун майыптары, оорукtун эмгекчилери, |

| | | |
|---|---|---|
| | | майыптыгы бар адамдар үчүн, улгайган жарандар, кош бойлуу аялдар ж.б.) кезексиз тейленет.<br>Мамлекеттик кызмат көрсөтүү:<br>– арыз ээсинин тандоосу боюнча мамлекеттик же расмий тилде;<br>– электрондук кезек тартибинде |
| 7 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн мөөнөтү | а) электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы аркылуу арызды кабыл алууга 10 мүнөткө чейинки убакыттын чеги (www.portal.tunduk.kg) автоматтык түрдө;<br>б) арызды кабыл алуунун жана кароонун мөөнөтү 3 иш күндөн ашпайт;<br>в) келишим түзүүгө чектелген убакыт - 40 мүнөт;<br>г) окуп жаткандардын категориясына жараша окуу убактысы – 7 сааттан – 72 саатка чейин;<br>д) ыктыярдуу көмөкчү тоо кырсыгынан куткаруу командасынын инструкторун даярдоо программасы – 72 саат:<br>е) ыктыярдуу көмөкчү командасын инструкторун кайра даярдоо жана ыктыярдуу көмөкчү командасын мүчөлөрүн даярдоо программасы – 40 саат.<br>Бардык документтерди даярдоо (келишимде көрсөтүлгөн форс-мажордук жагдайлардан улам келип чыккан учурлардан тышкары) документтин түрүнө жана тиешелүү түрдө аларды иштеп чыгуу үчүн жүргүзүлгөн иштердин көлөмүнө жараша баалардын прейскурантына ылайык 1ден 5 жумушчу күнгө чейин. |
| Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуучуларга маалымдоо | | |
| 8 | Керектөөчүгө көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтар жөнүндө маалымдоо (зарыл маалыматтын тизмеси) жана жоопту мамлекеттик орган жөнүндө | Мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү жөнүндө маалыматты төмөндөгүдөн алууга болот:<br>– Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинде жана анын расмий сайтында (www.mchs.gov.kg);<br>– s.c.mchs@mchs.gov.kg электрондук почтасы аркылуу;<br>– электрондук кызматтардын мамлекеттик порталында: (www.portal.tunduk.kg);<br>– адрес боюнча: |

| | | |
|---|---|---|
| | стандартташтыруу үчүн | – 720033, Бишкек ш., Манас пр., 101/1, көч. Жумабек, 203/1, тел.: (312) 323070, (312) 323812, факс: (312) 323521. Иш убактысы: 09:00дөн 18:00гө чейин, тыныгуу 12:30дан 13:30га чейин, ишемби жана жекшемби – дем алыш күндөрү;<br>– 723500, Ош ш., көч. Э. Алиев 172. тел.: (3222) 72537. Иш убактысы: 09:00дөн 18:00гө чейин, тыныгуу - 12:30дан 13:30га чейин, ишемби жана жекшемби - дем алыш күндөрү.<br>– Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Окуу-изилдөө борборунда: Ленин айылы, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Аскер шаарчасы, көч. ПМК, 3, тел.: (312) 446 190, 446 191;<br>электрондук почта дареги: s.c.mchs@mchs.gov.kg;<br>иш графиги: 09:00дөн 18:00гө чейин, тыныгуу 12:30дан 13:30га чейин, ишемби жана жекшемби – дем алыш күндөрү.<br>– Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Тоо кырсыгынан куткаруу кызматы, Кызыл-Кыя шаары, И.Жусубалиев көч.123;<br>– байланыш үчүн телефон жана факс: (03657) 5-05-53;<br>Электрондук почта: qss_kr@mail.ru;<br>– КР ӨКМде жана анын расмий сайтында (www.mchs.gov.kg);<br>– электрондук түрдө (электрондук почта s.c.mchs.@mchs.gov.kg;<br>– электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталында: (www.portal.tunduk.kg) |
| 9 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүү жөнүндө маалыматты жайылтуунун ыкмалары | Мамлекеттик кызмат көрсөтүү жөнүндө маалыматты таратуу төмөнкүлөр аркылуу ишке ашырылат:<br>– радио, телекөрсөтүү, маалымат сайттары;<br>– жазуу жүзүндө;<br>– оозеки түрдө (телефон аркылуу, кызматкерлер менен жеке байланышта);<br>– кат алышуу:<br>– гезиттер, бардык кызыкдар адамдарга маалыматтык каттар; |

| | | |
|---|---|---|
| | | – Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин расмий сайты www.mchs.gov.kg);<br>– электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталында (portal.tunduk.kg);<br>– мамлекеттик жана расмий тилдердеги маалымат такталарында, буклеттерде, брошюраларда |
| Тейлөө жана мамлекеттик кызмат көрсөтүү | | |
| 10 | Келүүчүлөр менен баарлашуу | Келүүчүлөрдү жеке кабыл алуу жарандардын кайрылуулары журналына каттоо менен жүргүзүлөт.<br>Келүүчүлөрдү кабыл алган кызматкер кызматтык жана функциялык милдеттерди, кесиптик-этикалык ченемдерди сактайт, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузууга жол бербейт, жарандарга карата этиканы, көз карандысыздыкты жана объективдүүлүктү камсыз кылат, кызыкчылыктардын кагылышуусун жокко чыгарат.<br>Келүүчүлөрдү кабыл алган кызматкердин столунда кызматкердин Аты-жөнү жана кызмат орду көрсөтүлгөн маалыматтык төш белги (маалыматтык бейдж) болушу керек.<br>Майыптыгы бар адамдар (улгайган жарандар, согуштун жана эмгектин ардагерлери, кош бойлуу аялдар ж.б.) менен пикир алышуу жана кызмат көрсөтүү алар үчүн түшүнүктүү жана жеткиликтүү формада жүргүзүлөт.<br>Баарлашуу мамлекеттик же расмий тилде жүргүзүлөт.<br>Келген адамга баарлашуу тилин тандоо укугу берилет |
| 11 | Купуялуулукту камсыз кылуу ыкмалары | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алууда жарандардын жеке маалыматтары жөнүндө маалыматтар ачыкка чыгарылбайт жана кызматкерлер тарабынан жеке максаттарда жана үчүнчү жактарга берүү үчүн пайдаланылышы мүмкүн эмес.<br>Керектөөчү жана ага көрсөтүлгөн мамлекеттик кызмат жөнүндө маалымат тиешелүү мамлекеттик органдардын суроо-талабы боюнча Кыргыз Республикасынын |

| | | |
|---|---|---|
| | | мыйзамдарында каралган негиздер боюнча гана берилиши мүмкүн |
| 12 | Керектүү документтердин жана/же мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү керектөөчүлөрдүн аракеттеринин тизмеси | Жеке жак үчүн:<br>– жазуу жүзүндөгү арыз (өз колу менен жазылган же компьютерде терилген);<br>– келишим түзүү үчүн өздүктү тастыктоочу документ;<br>– кызмат көрсөтүү үчүн акы төлөнгөндүгү жөнүндө квитанция (чек).<br>Юридикалык жак үчүн:<br>– уюмдун фирмалык бланкындагы жазуу жүзүндөгү арыз;<br>– келишим түзүү үчүн юридикалык жактын реквизиттери жана башка зарыл документтер;<br>– кызмат көрсөтүү үчүн акы төлөнгөндүгү жөнүндө квитанция (чек).<br>Окуп жаткан адамдар сабакка буйрукта көрсөтүлгөн мөөнөттө келүүгө, окуу графигин сактоого жана окуу программасын өздөштүрүүгө милдеттүү.<br>Жеке маалыматтар субъектинин макулдугу менен кызмат көрсөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кызмат көрсөтүүчү, анын ичинде анын жеке маалыматтарын чогултууга жана иштеп чыгууга электрондук документ формасында "Түндүк" ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү системасы аркылуу башка мамлекеттик органдардан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан арыз ээси жөнүндө маалымат алууга укуктуу.<br>Кызмат көрсөтүүнү алуу үчүн керектөөчү тарабынан иш-аракеттердин тартиби, ошондой эле бардык талап кылынган документтердин үлгүлөрү жана формалары кызмат көрсөтүү жайларындагы маалымат такталарында жана ыйгарым укуктуу органдын расмий сайтында жайгаштырылат: www.mchs.gov.kg жана өз убагында жаңылануууга тийиш |
| 13 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн наркы | Кызмат көрсөтүүнүн наркы монополияга каршы жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган менен макулдашуу боюнча Кыргыз Республикасынын Өзгөчө |

| | | |
|---|---|---|
| | | Кырдаалдар Министрлигинин буйругу менен аныкталат.<br>Кызмат көрсөтүүнүн наркы жөнүндө маалымат Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин маалымат такталарында жана расмий сайтында жайгаштырылат www.mchs.gov.kg, www.coe.mes.gov.kg).<br>Төлөө шарттары: берилген төлөө эсебинин негизинде накталай эмес эсептешүү |
| 14 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн сапатынын параметрлери | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн сапаты төмөнкү критерийлер менен аныкталат:<br>– берилип жаткан маалымат актуалдуу жана анык болуп саналат;<br>– керектөөчүнүн алган билимин жана жөндөмүн күнүмдүк тиричиликте, жумушта жана турмушта колдонуу мүмкүнчүлүгү;<br>– жынысы, расасы, тили, майыптыгы бар адамдарды этностук таандыктыгы, диний ишеними, теги, мүлктүк же башка абалы боюнча басмырлоого жол бербөө;<br>– окутуунун техникалык каражаттарын жана көрсөтмө куралдарды, басма жана электрондук форматтагы таркатма материалдарды колдонуу;<br>– кызматкерлер мамлекеттик кызмат көрсөтүүдө сыпайылыкты, сылыктыкты көрсөтүшөт;<br>– жеткиликтүүлүк, жарандардан мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуу үчүн стандартта көрсөтүлгөн зарыл документтерди гана талап кылуу;<br>– жарандардын даттануулары жана сунуштары китебинин жеткиликтүү жерде болушу |
| 15 | Электрондук форматта мамлекеттик кызмат көрсөтүү | Кызмат көрсөтүү электрондук форматта кызмат көрсөтүүнү алууга суроо-талапты (арызды) электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы аркылуу кабыл алуу бөлүгүндө көрсөтүлөт (portal.tunduk.kg Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 7-октябрындагы №525 токтому менен бекитилген электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталын пайдалануу эрежелерине ылайык. |

| | | |
|---|---|---|
| | | Кызмат көрсөтүүнү алууга электрондук арыз жөнөтүү үчүн арыз ээси электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталында каттоодон өтүшү керек (portal.tunduk.kg).<br>Онлайн интерактивдүүлүк стадиясы – 3 (веб-баракча өтүнмөнү электрондук формада толтурууга жана аны кагазга басып чыгарбастан мамлекеттик органдын кароосуна кабыл алууга функционалдык мүмкүнчүлүккө ээ) |
| Мамлекеттик кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу жана даттануу тартиби | | |
| 16 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу:<br>– ушул стандарттын 3-пунктунун талаптарына арыз ээси ылайык келбеген учурда;<br>– керектөөчү тарабынан ушул стандарттын 12-пунктунда белгиленген зарыл документтер берилбеген учурда;<br>– окутууну жүргүзүү графигин жана окуу тартибин бузуу |
| 17 | Даттануу тартиби | Кызмат көрсөтүү боюнча талаш маселелер пайда болгон учурда керектөөчү белгиленген тартипте КР ӨКМге, КР ӨКМдин караштуу ОИБге, КР ӨКМ ТКК кызматына.<br>Кызматтар талаптагыдай көрсөтүлбөгөн учурда керектөөчү КР ӨКМге, КР ӨКМдин караштуу ОИБга, КР ӨКМ ТКК кызматынын жетекчилигине оозеки же жазуу жүзүндөгү даттануу менен кайрылууга укуктуу.<br>Жазуу жүзүндөгү даттануу эркин формада берилет жана анда кызмат көрсөтүүнү керектөөчүнүн Аты-жөнү, жашаган дареги, телефон номери, ошондой эле даттануунун маңызы, мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү керектөөчүнүн колу жана датасы камтылууга тийиш.<br>Ыйгарым укуктуу кызматкер даттанууну 1 жумушчу күндүн ичинде каттайт жана жетекчиликтин кароосуна жиберет.<br>Даттанууларды жана доолорду кароо КР ӨКМдин, КР ӨКМдин караштуу ОИБнын, КР ӨКМ ТКК кызматынын жетекчилиги тарабынан белгиленген тартипте ишке ашырылат. |

| | | |
|---|---|---|
| | | Жазуу жүзүндөгү кайрылууну кароо жана керектөөчүнүн жооп алуу мөөнөтү ал катталган күндөн тартып 14 күндөн ашпоого тийиш.<br>Даттануу боюнча кабыл алынган чечим канааттандырбаган учурда керектөөчү КР ӨКМдин, КР ӨКМге караштуу ОИБнын, КР ӨКМ ТКК кызматынын чечимине сот тартибинде даттанууга укуктуу. |
| 18 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн стандартын кайра карап чыгуунун мезгилдүүлүгү | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн стандарты үч жылда бир жолудан кем эмес мезгилдүүлүк менен кайра каралып турушу керек |
| **4. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн паспорту** | | |
| 1 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн аталышы | Өрт коопсуздугунун чаралары боюнча адистерди даярдоо жана кайра даярдоо, жумушчуларды, кызматкерлерди, студенттерди, окуучуларды үйрөтүү.<br>Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестринин 1-главасынын 105-пункту |
| 2 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүчү мамлекеттик органдын (мекеменин) толук аталышы | Жарандык коргонуу, өрт коопсуздугу, суу объекттеринде адамдардын коопсуздугу, гидрометеорология, мамлекеттик материалдык резерв тутумун, токой чарбасын башкаруу жаатындагы бирдиктүү мамлекеттик саясатты жүзөгө ашыруучу Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин ыйгарым укуктуу органы (мындан ары – ӨКМ КР), Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Окуу-изилдөө борбору (мындан ары - КР ӨКМге караштуу ОИБ). |
| 3 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү керектөөчүлөрү | Жеке жана юридикалык жактар:<br>– медициналык каршы көрсөтмөсү жок жарандар (жеке адамдар: Кыргыз Республикасынын жарандары, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар);<br>– уюштуруу-укуктук формасына карабастан юридикалык жактар же жеке ишкерлер |
| 4 | Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү алуунун укуктук негиздери | Ченемдик укуктук актылар:<br>– “Өрт коопсуздугу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы; |

| | | |
|---|---|---|
